Ноябрь 2009

Экинчи чыгарылышы

# ТРАНЗИТТИК БОРБОРДУН ЖАРЧЫСЫ

USAFCENT

*Транзиттик Ташуулар Борбору, Эл аралык «Манас» аэропорту*

**Белгилүү даталар :**

- 10-ноябрь – КР, АКШ элчилиги аркылуу уюштурулуп жаткан Бизнес – семинар
- 11-ноябрь – Улуу Ата Мекндик согуштун ардагерлеринин келиши
- 11-ноябрь – Борбордук Азиядагы Америкалык Университеттин биринчи курсунун студенттерине кабыл алуу аземи
- 16-ноябрь – Баскетбол боюнча мелдеш, Бишкек ш.
- 17-ноябрь – Борборго Бишкектеги «Ротари-Клаб» бөлүмүнүн мүчөлөрүнүн келиши
- 20 ноябрь – Жогорку Кенештин 70-жылдыгы
- 26-ноябрь – ыраазычылык билдирүү күнү, АКШ-нын майрамы
- 26-ноябрь – БААУ-нун студенттери менен кечки тамак
- 04-декабрь – БААУ-нун студенттери менен жолугушуу



## Транзиттик Борбордогу достор жана үй-бүлө күнү

Кыргызстандыктар сыяктуу эле америкалыктар да дос жана үй-бүлө деген баалуулуктарга зор маани беришет. Биздин көпчүлүгүбүз Транзиттик Борбордо өз үй-бүлөлөрүбүздөн алыста жүрөбүз. Биздин кыргыз досторубуз жана алардын үй-бүлөлөрү менен болгон мамилелерибиз биздин аскерлерибизге өз үй-бүлөлөрүнөн алыс жүргөндүгүн сездирбей, аларга сиздердин укмуштуу сонун маданиятыңыздарды тереңирээк түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берип турат. Октябрь айы Афганистандагы күчтөрдү колдоо аракеттери менен гана белгилүү болгон жок: октябрь айы биздин мындагы, Кыргыз Республикасындагы өз ара мамилелерибизди кайрадан жандандырып бекемдөөгө арналды. Баары биздин Кыргызстандык кызматкерлерибизди жана алардын үй-бүлөлөрүн өзгөчө конок катары чакыралы деген чечимибизден башталды. 1000-ге жакын конок биз менен чогуу тамактанып, оюндарды ойноп, учактын ичин көрүп чыгышты, музыкалык топтун ыр-күүлөрүн угуп, эң негизгиси, биз менен жакындан тааныш болушту!



**Достор үй-бүлөлөрү менен Транзиттик Ташуулар Борборунун миссиясы менен таанышуу максатында КС-135 деген май куюучу учактын бортунда болушту**

Биз Замира Акбагышева жетектеген Кыргызстан аялдарынын конгрессин борборубузга чакырдык. Кыргызстандагы аялзатынын аябай таланттуу бул өкүлдөрүнө биздин меймандостугубуздун эң жакшы салттарын көрсөтөйүн деген элек, бирок чынына келгенде, Аялдар Конгрессинин мүчөлөрү бизди Кыргызстандын кээ бир продукцияларынын үлгүлөрү менен тааныштырып, жана андан бизге ооз тийгизишип, комуздун коштоосунда аткарылган мыкты музыкалык номерлери менен баарыбызды чоң шаттыкка бөлөштү.

Бул ай биздин жаш офицерлерибиздин жана Борбордук Азиядагы Америкалык Университеттин студенттеринин ортосундагы сапар алмашуусунан башталды. Группалар бири-бири менен таанышкан соң, алар Транзиттик ташуулар борборунун иш-аракетин көрүп чыгышты жана Бишкек шаарындагы джаз фестивалына катышышты.

Транзиттик Ташуулар Борборунда октябрь айын эң сонун өткөргөндөн кийин Дене тарбия, спорт, жаштардын иштери жана балдарды коргоо боюнча малекеттик агенттиктин башчысы Александр Воинов биздин аскерлерибизге пауэрлифтинг боюнча эл аралык мелдештерди уюштурууну сунуш кылды. Америкалыктар, поляктар жана болгарлар аябай аракет кылганы менен бул күнү кыргыз атлеттери жеңишке ээ болушту!

Кыргызстан жана Орто Азия жөнүндөгү кыргыз жана орус тилдериндеги лекциялардан биз күн сайын көп маалыматтарды алып турабыз. Биздин аскер кызматкерлерибиз үчүн килемдин жүндөн кантип жасалышы, боз үйдүн тигилиши тууралуу маалыматтар унутулгус болуп калат, ал эми «Камбаркан» аттуу комузчулар тобунун концерти алар АКШ-га кеткенден кийин да көпкө чейин алардын эсинде сакталып жүрөт.



**Полковник Томас Джойс, миссиянын колдоо тобунун мүдүрүнүн (директорунун) орун басары Кыргызстандагы Аялдар Конгрессинин Президенти Замира Акбагышева айым менен саламдашып жатат**

Октябрь айы биз үчүн кыргыз досторубуз жана алардын үй-бүлөлөрү жөнүндө көп нерселерди тартуулаган ай болду!

## Айдын негизги окуялары ...

«Бишкек – Хаятт» мейманканасында бизнес-семинар ийгиликтүү өттү (3-б. кар.) жана Кыргыз-Америкалык экономикалык кызматташтыктын келечегинин этаптары белгиленди. Азыркы мезгилде Манастагы Транзиттик Ташуулар борборуна жергиликтүү продукциянын үлгүлөрү жеткирилүүдө.

КР Коргоо министрлигиндеги кесиптештерибиз менен мамилелердин консолидациясы боюнча биздин иш-аракеттерибиз улантылууда.

Транзиттик Борбордун аскер кызматкерлери «Фрунзе-1» авиабазасы аркылуу уюштурулган эки күндүк иш-чараларга катышып, андагы техникалык тейлөө менен таанышып, кургактык жана аба аркылуу жүктөрдү жеткирүү демонстрациясын көрүп кайтышты. Биз Беш-Күңгөйдөгү аскер госпиталынын ачылыш аземине кубануу менен катышып, анын жетекчилигин Транзиттик Ташуулар Борборунда тосуу менен бирге борборду көрсөтүп, бир катар суроолорду талкуулады.

«Балдарга жылуулукту камсыз кылуу» деген долбоор боюнча айыл жергесиндеги балдарга жардам көрсөтүү ишмердүүлүгүбүз кышкы аба-ырайынын шарттарынан келип чыккан көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган долбоорлордун негизинде уланып келүүдө. Биздин АКШ-да калган үй-бүлөлөрүбүз да бизге кошулуп, өздөрүнүн колдорунан келген жардамын берет!

**Бул чыгарылыш төмөнкүлөрдү камтыйт:**


| | |
|---|---|
| Гуманитардык жардам | 2 |
| Экономикалык кызматташтык | 3 |
| Экономикалык таасир | 4 |
| Транзиттик Ташуулар Борборунун тажрыйбасы | 4 |

# Гуманитардык жардам



**Кыргызстандын күчтүү жигиттери Транзиттик Ташуулар Борборунун жигиттери менен күч сынашууда**

## Программалар

- «Манас» айылына кубаттуулугу 150 000 ватт болгон генератор өткөрүп берилди
- Кыш мезгилинде иштөө үчүн орнотулуп берилди
- Өзгөчө маанилүү долбоор үчүн грант бөлүнүп берилишине уруксат алынды (иштин башталышын жарыялоо жана аны өткөрүү аземи жакын арада болот)
- Эсептик баасы – 667 000 АКШ доллары


## ВОЛОНТЕРЛОР

- Васильевка айылындагы мектепте суу насосу сатып алынып орнотулуп берилди
- Виноградное айылындагы мектепке балдар аянтчасы үчүн жаңы жабдыктар жеткирилип орнотулуп берилди
- Волонтерлор ар түрдүү буюмдарды сатып алууга 4 000 АКШ доллары өлчөмүндө өз каражаттарын кошуу менен беш ар кандай мектептин ишине жардам көрсөтүштү
- Токмок шаарындагы балдар үйүндө тазалоо иштери өткөрүлүп, үч жаңы жылытуучу түзүлүштөр орнотулуп берилди
- Жаңы-Пахта айылындагы мектепке алты жаңы баскетбол калканы орнотулуп берилди
- «Эдопшн чоң апалары» аттуу кайрымдуулук уюму: кийим жана азык-түлүк түрүндө гуманитардык жардам
- Аскер кызматкерлеринин АКШ-дагы үй-бүлөлөрү «Балдарга жылуулукту камсыз кылуу» программасына колдоо көрсөтүү иретинде кышкы кийимдерден турган чакан жардамын жөнөткөнү жатат – мындай бир топ – Сиэтлден, Вашингтон штатынан – алар өз колдору менен буюмдарды жасашат.



**Кыргызстандагы Аялдар Конгрессинин достугу бекемделип жатат**


***Транзиттик Ташуулар Борборундагы үй-бүлө жана достор күнү***



## МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ

- Жалдагы ооруканага 100 матрац менен медициналык буюмдар жеткирилип берилди
- Транзиттик Ташуулар Борборунун беш медицина кызматкери шашылыш кырдаалдарда жарандык калктын жана аскерлердин даярдыгы тууралуу конференцияга катышышты
- Медициналык персонал гуманитардык жардам көрсөтүштү – кичинекей балдарга жүрөгүнө операция жасоого 730 АКШ долларын бөлүп беришти
- Транзиттик Ташуулар Борборунун персоналы Беш-Күңгөйдөгү госпиталдын ачылышына катышып келди, ал эми Беш-Күңгөйдөгү госпиталдын жетекчилиги Борбордо болуп кайтышты

## ВОЛОНТЕРЛОРДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ, ОКТЯБРЬ 2009



# Экономикалык мамилелер

220-дан ашык кыргыз ишкерлери Манастагы Транзиттик Ташуулар Борборунун аскер кызматкерлери уюштурган семинарга катышышты, ал семинар 15-октябрда Кыргызстанда, Бишкек шаарында болуп өттү. Анда Кыргыз парламентинин вице-спикери Исабеков мырза жана АКШ-нын элчиси Гфэллер да катышып, сөз сүйлөштү.

АКШ өкмөтүнүн келишимдери боюнча негизинен тендердик процедуралар менен таанышууга багытталган бизнес-семинар Транзиттик Ташуулар Борборунун кызматташуусу менен биргеликте кыргыз бизнеси үчүн мүмкүнчүлүктөрдү өнүктүрүүгө сунушталган.

Алдыңкы ишкерлер АКШ өкмөтү тарабынан коюлган келишимдер боюнча тендердик процедураларга катышуу маселелерин, келип түшүүчү сунуштардын системасын жана келишим боюнча иштегендердин келишимдерин ыйгаруу процессин изилдеп чыгышты. Катышуучулардын көбү семинарды кыргыз бизнесинин өнүгүү жолу катары жана Кыргызстандык ишкерлердин АКШ өкмөтү сунуштаган тендердик процесске катышуу процедураларын жана мүмкүнчүлүктөрүн түшүндүргөн иш-чара катары кабыл алышты. Айрым катышуучулар Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүдө жардам көрсөтүүнү каалаган АКШ өкмөтүнүн бизге карата мамилеси ачык болгондугунан зор таасир алышкандыгын белгилеп кетишти.

«Кыргызстандыктардын Транзиттик Ташуулар Борбору жана АКШ өкмөтү менен кызматташууну ниет кылганы семинардын катышуучуларынын санынан жана анын жыйынтыктарынан көрүнүп турду, - деп белгиледи «Вейбс Бизнес консультативдик компаниясынын кызматкери Нелли Йен.

Семинардын аягында анын уюштуруучулары бүт катышуучуларга компаниялар үчүн окуу куралы катары колдонууга мүмкүн болгон брифинг тууралуу маалыматты камтыган CD– дисктерди таратып беришти.

«Хаятта» өткөн семинар 376-авиаэкспедициялык канаттын контракт бөлүмү жана Кыргыз соода палатасы аркылуу уюштурулду. Эмки семинар 10-ноябрда өтмөкчү, ал КР АКШ элчилиги тарабынан уюштурулат.



**Парламенттин вице-спикери Исабеков Транзиттик Ташуулар Борборунун семинарында сөз сүйлөп жатат.**




***«Биз Транзиттик Ташуулар Борбору жана АКШ өкмөтү менен кызматташуудагы өз ара мамилелерибиз бекемдей берерине ишенебиз»,- Мира Каилбекова, «Ак-Бата» жүндөн токулган буюмдарды чыгаруу компаниясы.***

## УЧУРДАГЫ ДЕМИЛГЕЛЕР

- Транзиттик Ташуулар Борбору керектей турган продукцияларды жана жергиликтүү өндүрүштүн нан азыктарын өткөзүү боюнча биринчи макулдашуулар түзүлдү.
- 27-октябрь биринчи жолу өткөзүп берилди.
- Кыргыз бизнесинин алдыңкы аялдары Транзиттик Ташуулар Борборунун кызматкерлери менен жолугушту. Алардын максаты - өндүрүлгөн продукцияны жана аларды келечекте чекене соода түйүндөрүндө сатуу мүмкүнчүлүктөрүн талкуулоо.
- Малдыбаев атындагы опера жана балет театрындагы спектаклдерге баруга уруксат алынды.
- Транзиттик Ташуулар Борборунун кызматкерлери үчүн жума сайын уюштурулуучу концерттердин негизинде жергиликтүү музыкалык топтор ишке тартылды.
- КТП (контролдук текшерүү пунктунун) дизайнын өзгөртүү боюнча Кыргызстандагы архитектуралык мекемелерди/агенттиктерди тартуу пландары бүткөрүлдү.
- 2009-жылдын ноябрь айында боло турган кийинки бизнес-семинарга даярдык көрүү боюнча АКШ элчилигине көмөк көрсөтүлүүдө.

## САНДАР/КӨРСӨТКҮЧТӨР : САРПТАЛГАН АКШ ДОЛЛАРЫ, ОКТЯБРЬ, 2009

Контрактка сарпталган АКШ доллары/жалпы контрактка коротулган доллардын пайызы






# Экономикалык таасир

| Түз сарпталган акча каражаттары | 2009 – каржылык жылы | 2010 – каржылык жыл*** |
|---|---|---|
| Дипломатиялык нота боюнча кыргыз өкмөтүнө жумшалган төлөмдөр | $26,620,000 | $5,000,000 |
| «Манас» эл аралык аэропортуна жумшалган төлөмдөр ** | $22,999,039 | $3,962,196 |
| Аэропорттун мыктылоосуна салым | $30,600,000 | $0 |
| Кыргызаэронавигацияны өркүндөтүү үчүн салымдар | $0 | $0 |
| Ыйгарылган контракттар | $24,601,908 | $2,585,312 |
| Ижарага алуу жөнүндөгү өкмөттүк макулдашуулар (ЭМА менен эмес) | $81,562 | $0 |
| **Арадагы түз сарпталуучу акча каражаттары** | **$104,902,509** | **$11,547,508** |
| **Түз жана гуманитардык иш-аракеттерге сарпталуучу акча каражаттары** | | |
| Аскер кызматкерлеринин жергиликтүү калк үчүн сарптай турган акча каражаттары | $1,037,530 | $85,843 |
| Гуманитардык долбоорлорго /кайрымдуулук иштерине сарптала турган акча каражаттары | $1,010,201 | $4,800 |
| **Арадагы түз жана гуманитардык иш-аракеттерге сарпталуучу акча каражаттары** | **$2,047,731** | **$90,643** |
| **Бирдиктүү экономикалык натыйжа** | **$106,950,240** | **$11,638,151** |

*** АКШ-нын каржылык жылындагы маалыматтарына таянуу менен; ** Аэропорттогу жыйымдар, жерди ижарага алуу, контракттар; *** Жыл башынан отчеттук мезгилге чейин**

*** АКШ-нын каржылык жылындагы маалыматтарына таянуу менен; ** Аэропорттогу жыйымдар, жерди ижарага алуу, контракттар; *** Жыл башынан отчеттук мезгилге чейин**

# Транзиттик ташуулар борборунун тажрыйбасы



